| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**<br><br>**ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**<br><br>Ош ш. ул Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 2-08-63, 2-64-29) | | **МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**<br><br>**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ**<br><br>г.Ош ул. Э.Алиева № 128 ( тел. 03222 2-08-63, 2-64-29) |

«11» 07 2021-жыл. чыг. № 32/3-6196

Вх. № 240 от 11.07.21

Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы
**У.Аттокуровго**

Ош шаардык ИИБдин Тергоо кызматы Сизге, 2021-жылдын 11-июль күнү "Фейсбук" социалдык тармагында "Kloop Кыргызча" интернет порталы тарабынан пост жарыяланган. Анда "Ош шаарындагы №5278 шайлоо участогунда "Клооптун" журналистери добуш сатып алуу схемасына күбө болушту. Алгач журналистер участоктун сыртында белгисиз аял шайлоочулардын бирин добушканага кирээрден мурда сүрөткө тартканына күбө болушкан. Шайлап чыккандан кийин аталган аял "Нексия" унаасына барып олтурган. Журналистер шек санап анын артынан барганда сүрөткө тарткан аял ага 1000 сомдук купюраларды берип жатканына күбө болушкан. Бирок видеого аял акчаны сумкасына салгандан кийин тартылып калган. Журналистер акча берген аялдын колунан шайлоочулардын тизмесин байкап суроо узатканда жооп берүүдөн баш тарткан. Андан кийин акча алган аял белгисиз тарапка басып кеткен. Андан сырткары акча берген аял менен байланышы бар байкоочуну да аныкташкан"-деп билдирген.

Бул факты боюнча топтолгон материалдар 11.07.2021-жылы саат 20:27 мүнөттө Ош ШИИБнын МЭЖнс 02-041-2021-001747 саны менен катталып, териштирүү иштери жүргүзүлүп жаткандыгын билдирет.

**Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары**
**милициянын полковниги** **А.К.Раимбердиев**

[redacted]

Сканировано с CamScanner